**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. № 59/10-9** **Кара-Көл шаары**

**“Электр станциялар” ААКтын филиалы Токтогул ГЭС каскадына караштуу коммуналдык ишканалар комбинатын Кара-Көл шаарынын мэриясына кабыл алуу жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин “Электр станциялар” ААКтын филиалы Токтогул ГЭС каскадына караштуу коммуналдык ишканалар комбинатын Кара-Көл шаарынын мэриясына кабыл алууга тиешелүү токтом чыгарып берүү жөнүндө кайрылуусун, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери, ошондой эле бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссияларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап чыгып, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6- беренесин жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат**:

1. “Электр станциялар” ААКтын филиалы Токтогул ГЭС каскадына караштуу коммуналдык ишканалар комбинатын Кара-Көл шаарынын мэриясына кабыл алууга макулдук берилсин.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте жана шаардык кеңештин депутаттарынан түзүлгөн убактылуу комиссиянын корутундусун эске алуу менен бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

3. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев) “Электр станциялары” ачык акционердик коомунун филиалы Токтогул ГЭС каскады менен биргеликте 2026-2030-жылдарга коммуналдык ишканалар комбинатынын жылдык чыгымдарын эсептеп чыгып, ушул жылдар ичиндеги жылдык инфляцияны эске алуу менен жылына толук көлөмдөгү субсидияны республикалык бюджетке киргизип, каражат бөлдүрүү иштерин жүргүзсүн.
( корутунду тиркелет)

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**09.10.2025-жылдагы кезектеги**
**X сессиясынын № 59/10-9**
**токтомуна тиркеме**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин 2025-жылдын 12 -августундагы № 52/8-9 сандуу токтому менен "Электр станциялар" ААКтын филиалы Токтогул ГЭС каскадына караштуу коммуналдык ишканалар комбинатын Кара-Көл шаарынын мэриясына кабыл алуу боюнча коммуналдык ишканалар комбинатына тиешелүү кабыл алынуучу объектилердин абалы менен таанышуу жана иликтөө максатында түзүлгөн убактылуу жумушчу комиссиянын**

## КОРУТУНДУСУ

Убактылуу жумушчу комиссия Кара-Көл шаардык Кеңешинин 12-август 2025-жылдагы **№ 52/8-9 сандуу** токтомундагы тапшырмаларды аткарып төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди.

Коммуналдык ишканалар комбинатындагы көйгөйлүү тармактар:

1**. Суу менен камсыздоо**

а) №1 скважина - эки 35 метр тереңдиктен таза суу чыгарган насостон турат, бир насосу Токтогул ГЭС тен алынып келген насос, ал эми 1 дренаждык насосу 1971-жылы, вакуумдук насосу 1971-жылы чыгарылган насостор.

б) №2 скважина - суу чыгаруучу эки насостон, 1 дренаждык,1-вакуумдук насостордон турат, бардык насостор эски.

в) №3 скважина - суу чыгаруучу эки насостон турат, бирөө 1971-жылы чыгарылган, экинчиси 2021-жылы коюлган дренаждык, вакуумдук насостору эски.

г) №4 скважина - бош турат. насостору жок.

д) №5 скважина - суу чыгаруучу эки насостон турат. 2011-жылы коюлган америкалык насостун валы ийрилип калып иштебей турат. Экинчи насосу эски, дренаждык , вакуумдук насостору эски.

е) №6 скважина - бир суу чыгаруучу насосу 2023-жылы орнотулган, экинчи суу чыгаруучу насосу ремонтто. Вакуумдук, дренаждык насостору иштейт.

ж) №7 скважина. Бир суу чыгаруучу насос керектелген (бывшем употреблении)насос, экинчи суу чыгаруучу насос ремонт жасаганга болбойт. Вакуумный,дренажный насостору эски.

з) № 8 скважина, Биринчи суу чыгаруучу насос Кытай Эл Республикасынан чыгарылган 9 млн сомдук насос, обратный клапаны жок болгондуктан иштебей турат,экинчи суу чыгаруучу насос эски, вакуумдук, дренаждык насостору бирөө жаңы, бирөө эски.

Борбордук от казандарга суу жиберүүчү скважинанын суу түтүктөрү эскиргендиктен 5 атмомфералык басымга гана чыдайт,эгерде 5 атмоферапык басымдан басымды жогорулатса ,суу түтүктөрү жарылып кетет.

Хлорлоочу цехте 4 насос турат. 2 насос - туздоочу цехте, 2 насос- дозатордук цехте. Техникалык акыбалы өтө начар. Жаңы насосторго алмаштыруу зарыл.

Контакттуу коллектордун суу керектөөчүлөргө жиберүүчү 1 метр диаметрден ашык суу түтүктөрү чирип кеткен. Ал суу түтүктөрүнүн 50 метр узундуктагы түтүк 5 миллион сом болуп, салмагы 12 тоннага жетет .

**2. ФНС- канализация**

1. ФНС ДСРдин 2 насосу 1971 жылы чыгарылган насостор. Калдыктарды чогултуучу жай өтө начар абалда. Кара-Суу дарыясынан Ак-Шаар көчөсүн сугат суу менен камсыздоочу насостук станциянын насосу 1965-жылы чыгарылган насос.
2. КНС Достукта 4 насос турат. 2 насос жаңы, 2 насос 1965 жылы чыгарылган насостор.

3. ФНС Поймада 2 насос турат. 1 насос жаңы, 1 насос эски.
4. ФНС 13тө 1950-жылы чыгарылган эбегейсиз чоң бир насос, дагы эки чоң насос турат. Кара-Көл шаарынан чогултулган саркынды сууларды залалсыздандырып, Сухой- Сай жактагы ачык асман алдындагы сайга айдап салат. Ал жерден таштарды аралап олтуруп Нарын дарыясына куюлат.

Мындай саркынды сууларды ачык жерге айдап салуу Кара-Көл шаары жаңы курулуп башталганда убактылуу пайдаланууга берилген. Кара-Көл шаары кеңейип,жашоочулар көп боло баштаганда, Кара-Суу дарыясынын түндүк тарабына атайын саркынды сууларды тазалоочу эбегейсиз зор ишкана курула баштаган. Бирок ал курулуш токтоп калып, азыркы убакта ал курулуш толук жараксыз болуп калган.

Кара-Көл шаарындагы магистралдык таза суу түтүктөрүнүн жалпы узундагу 44,0 км болуп, диаметри 100-273 мм, керектөчүлөрдүн үйлөрүнүн ичиндеги суу түтүктөрүнүн жалпы узундугу 22,175 км болуп, диаметри 50-100 мм ден турат. Жалпы узундугу 66,175 км түзгөн таза суу түтүктөрүнүн дээрлик баардыгы алмашылууга жатат.

Ал эми канализациялык диаметри 273 мм түзгөн суу түтүктөрүнүн жалпы узундугу 4,9 км түзөт. Дээрлик бардыгы реконструкцияга муктаж.

Сантехникалык канализациялык кудуктардын Кара-Көл боюнча жалпы саны 2114. Диаметри 100-200-500 мм болгон коллектордук суу түтүктөрүнүн жалпы узундугу 54 км, диаметри 200-500 мм болгон борбордук суу түтүктөрүнүн узундугу 15 км, диаметри 100-200 мм болгон ички короолордогу суу түтүктөрүнүн узундугу 39 км түзөт. Дээрлик бардыгы жаңылануууга муктаж.

**3. Техникалык парк боюнча**

1. Коммуналдык ишканалар комбинатынын балансында турган техникалары (атайын багыттагы автомашиналар, тракторлор, механизмдер) дээрлик 90% амортизациялык мөөнөттөрү 30-40 жыл болуп калгандыгын белгилейт. Ал эми техникалар токтой турган жер ачык асман алдында. Ремонттук цехинде ремонт жасоого керектүү шаймандар дээрлик жок. (токардык,фрезердик станоктор, көтөрүүчү шаймандар ж.б.) Бардык техникалар жаңыланууга муктаж.
2. Коммуналдык ишканалар коминатынын шаардын ички санитардык канализациясын тейлөөчү участокто керектүү техникалары жетиштүү жана азыркы убакытка заманбап экендигин белгилейт. Бирок ички 44 километрден турган канализациялык түтүкчөлөр, 2114 кудуктар, люктар 90% алмашылууга, реконструкцияга, толуктоого муктаж.

Кара-Көл шаардык Кеңешинин убактылуу жумушчу комиссиясы Кара-Көл шаардык Кеңешин сессиясына төмөндөгүлөрдү **сунуштайт**:

1. Токтогул ГЭСтери каскадынын балансында турган Коммуналдык ишканалар комбинатынын таза суу менен камсыздоо, саркынды сууларды тейлөө ишканаларынын насостору, суу түтүктөрү, суу кудуктары, санитардык станцияларынын имараттары, жабдыктары толук алмаштырылууга муктаж экендиги жана транспорттук техникалык каражаттары эскилиги эске алынсын жана аларга кетүүчү чыгымдардын өлчөмү субсидиянын суммасына кошумча киргизилгенден кийин кабыл алууну баштоо.
2. Мамлекеттик бюджеттен каралуучу субсидиянын көлөмү Токтогул ГЭСтери каскадынын балансындагы Коммуналдык ишканалар комбинатына бир жылда керектелүүчү чыгым **300 000,0 миң (үч жүз миллион)** сомдун тегерегинде болуп, ал эми субсидия мөөнөтү **5 жыл** болуусу зарыл.
3. 2025-жылдын 19-августуна карата “Электрстанциялар” ААК филиалы болгон Токтогул ГЭС каскадынын карамагындагы Коммуналдык ишканалар комбинатында эмгектенген штаттык тизмедеги инженердик, техникалык, атайын кесиптеги жумушчу болуп эмгектенишкен жалпы саны 260 (эки жүз алтымыш) кызматкерлердин эмгек акыларынын, социалдык пакеттеринин толук сакталган деңгээлде калтырууга жетишүү.

**Убактылуу депутаттык комиссиянын төрагасы** **Токтосунов Ш.А.**
**Убактылуу комиссиянын катчысы** **Уметова Н.А.**
**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10. 2025-ж. № 60/10-9** **Кара-Көл шаары**

**IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын чакыруу жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 62-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы № 270 Жарлыгын, 2024-жылдын 21- декабрында Элдик Курултайдын Улуттук Кеңеши кабыл алган Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө жобого, Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин 2025-жылдын 25-сентябрындагы № 1 протоколуна ылайык Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1. IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйыны 2025-жылдын 1-ноябрына чакырылсын. Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынынын өткөрүү убактысы саат 10-00, өтүүчү жайы шаардык мэриянын жыйындар залы деп белгиленсин.
2. Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынынын катышуучуларынын жалпы саны 100 деп бекитилсин.
3. Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы 1- тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынынын катышуучуларын шайлоо боюнча Кара-Көл шаарын жана анын аймактарын бөлүктөргө бөлүү ченемдери 2- тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынына катышуучуларды шайлоо боюнча жарандардын жыйындарын, чогулуштарын өткөрүү графиги жана жергиликтүү коомдоштуктун жыйынына катышуучулардын саны 3- тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын өткөрүүгө жооптуу шаардык кеңештин депутаттарынын жана жумушчу топтун мүчөлөрүнүн тизмеси 4- тиркемеге ылайык бекитилсин.
7. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык кеңешке (Ч.А.Кимсанов), шаардык мэрияга ( Н.О.Орозбаев ), көзөмөлгө алуу шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (Ш.А.Токтосунов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**1 -тиркеме**
**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**09.10.2025-жылдагы кезектеги**
**X сессиясынын № 60/10-9**
**токтому менен бекитилди**

**Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы**

1. Кимсанов Чынгыз Алманбетович - Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;
2. Б.Д.Токтобаев - Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары, жумушчу топтун төрагасынын орун басары;
3. Нурматова Кыйматкан Исмаиловна- Кара-Көл шаардык кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу топтун катчысы;
4. Ажибаева Айжамал Шаршенбаевна - Кара-Көл шаардык мэриянын башкы адиси ;
5. Таштанкулова Кузоркан Асилбековна- Кара-Көл шаардык мэриянын муниципалдык менчик башкармалыгынын башкы адиси;
6. Ниязалиев Советбек Жолдошович- Кара-Көл шаардык мэриянын муниципалдык менчик башкармалыгынын жетектөөчү адиси;
7. Макушев Майрамбек Жумашевич- Кара- Көл шаардык кеңешинин депутаты ;
8. Султаналиева Сайха Карыпбаевна-Кара-Көл шаардык кеңешинин депутаты;
9. Ныязалиев Арзымат Нурманбетович- Кара-Көл шаардык кеңешинин депутаты.

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

**2- тиркеме**
**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**09.10. 2025-жылдагы кезектеги**
**X сессиясынын №60/10-9**
**токтому менен бекитилди**

**Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынынын өкүлдөрүн шайлоо боюнча Кара-Көл шаарын жана анын аймактарын бөлүктөргө бөлүү ченемдери**

1-аймак (Энергетик)- Серый, Бакешов, Энергетиктер, Исанов, Боконбаев, Жээн-Кыштоо, Ы.Курманалиев , Хуриев , Умралин көчөлөрү;

2-аймак (Байгалмак)- Ленин, К.Турусбеков, Масиров, Панфилов, Ажыматов, Чаргынов, Нуржанова, Акынай, Каипов, Мамытов , Чоң-Таш, Чубак ажы Жалилов көчөлөрү, Сабиров көчөсүнүн 1-20, 21,25,27,33, 37,39,41,43, 45, 47, 60, 64,74,76, 90 үйлөрү;

3-аймак (Шамалык) –Сабиров 22 ден баштап калганы ( Бишкек-Ош трассасынын оң жана сол жээгиндеги үйлөр) , Сабиров Зв 1-2, Токтогул, Рахимов, Ак-Таш, Төрөкулов, Кайыңды, Кара-Көл көчөлөрү;

4-аймак (Бекташ)- Бекташ, Ак-Шар-1,2, Төш-Мазар, Кулданбаев, Ак-Кыя-1,2, Канат көчөлөрү

5-аймак (Кетмен-Төбө)- Кетмен-Төбө айылы

6-аймак (Жазы-Кечүү) –Жазы-Кечүү айылы

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

**3- тиркеме**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**09.10.2025-жылдагы кезектеги**
**X сессиясынын №60/10-9**
**токтому менен бекитилди**

**Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынынын өкүлдөрүн шайлоо боюнча жарандардын жыйындарын, чогулуштарын өткөрүү графиги жана жергиликтүү коомдоштуктун жыйынына катышуучулардын саны**

| № | Аймактардын аталыштары | Өткөрүү датасы, убактысы | Өткөрүү орду | Жергиликүү коомдоштуктун жыйынынын өкүлдөрүнүн саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бекташ | 17.10.2025-ж. саат 17:00 | №4 мектеп | 15 делегат |
| 2 | Энергетик | 20.10.2025-ж. саат 17:00 | №3 мектеп | 25 делегат |
| 3 | Байкалмак | 21.10.2025-ж. саат 17:00 | №1 мектеп-гимназия | 23 делегат |
| 4 | Кетмен-Төбө | 22.10.2025-ж. саат 13:00 | №5 мектеп | 7 делегат |
| 5 | Шамалык | 22.10.2025-ж. саат 18:00 | №2 мектеп | 23 делегат |
| 6 | Жазы-Кечүү | 23.10.2025-ж. саат 16:00 | № 6 мектеп | 7 делегат |

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

**4- тиркеме**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**09.10.2025-жылдагы кезектеги**
**X сессиясынын № 60/10-9**
**токтому менен бекитилди**

**Кара-Көл шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын өткөрүүгө жооптуу шаардык кеңештин депутаттарынын жана жумушчу топтун мүчөлөрүнүн тизмеси**

| № | Аймактардын аталышы | Жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүү боюнча жооптуулар |
|---|---|---|
| 1 | Энергетик | Ч.А.Кимсанов, Ш.А.Токтосунов , Ч.М.Боржуев, Н.Т.Кармышов, Б.Т.Боконбаева, Н.А.Уметова, Э.А.Базаркулов, Н.К.Кайбалиев |
| 2 | Байкалмак | Б.Д.Токтобаев, Э.Т.Токтомушев, Т.А.Мамытканова, Ж.Ы.Молдокеев Г.К.Субаналиева, М.У.Чикезов, Кутманбек кызы Айзада |
| 3 | Шамалык | К.А.Кочконбаева, Б.У.Турсунбаев, Э.Ш.Мавланов, А.Ш.Ажибаева |
| 4 | Бекташ | М.Ж.Макушев, Ж.С. Джуробаев, Б.К.Магзымов, Н.Б.Чыныкбаев, К.Д.Батыркулов, Т.А.Аалыаскарова |
| 5 | Кетмен-Төбө | М.Т.Молдоболотов, А.Ж.Карыпбаев, С.К.Султаналиева, С.Ж. Ниязалиев |
| 6 | Жазы-Кечүү | З.Бопошов, А.Н.Ныязалиев, С.К.Жантаева , Б.О.Абатов, Таштанкулова Г.А. |

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. № 61/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө шаардык кеңештин 14.03.2025-жылдагы №24/5-9 сандуу токтомуна толуктоо киргизүү жөнүндө**

"Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө" шаардык кеңештин 14.03.2025-ж. №24/5-9 сандуу токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун, мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгынын башчысы Т.М.Уметовдун жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүү-маалыматтарын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талабынын негизинде "Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө" шаардык кеңештин 14.03.2025-ж. №24/5-9 сандуу токтому менен бекитилген Кара-Көл шаарынын 2025-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү **204692,6 миң сомдук** сумманын ордуна киреше салыгынын *("подоходный налог")* планын кошумча түшүүчү **28800,0 миң сомго** көбөйтүү менен **233492,6 миң сомго балансташтырылып** 1,2,3,4,5-тиркемелерге ылайык өзгөртүлүп бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.08.2022-ж №433 сандуу токтомунун негизинде бекитилген ШММБнын жумушчу, айдоочу, кенже тейлөөчү кызматкерлеринин (кароолчу, пол жуучу) айлык акылары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 08.07.2025-ж. №402 токтомунун негизинде жогорулагандыгына байланыштуу айлык акыга **1818,2 миң сом,** соцфондго чегерүүгө **290,1 мин сом**, жалпы **2108,3 миң сомдук** каражатты каржылоого макулдук берилсин.

3.Кара-Көл шаардык кеңешинин "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге кошумча үстөктөрдү кошуу жөнүндө" 2024-жылдын 05-сентябрындагы №187/39-8 сандуу токтому күчүндө экендиги эске алынсын.

4.Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Осмонкулов Ж.Т.) Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги менен шаардык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планына тактоо *("уточнение")* киргизүү боюнча иш алып баруусу жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-бер. 4-п., 103-бер. 3-п. талабынын негизинде шаардык бюджеттин киреше, чыгаша бөлүктөрүнө тактоо *("уточнение")* киргизүү сунушталсын.

5.Бул токтомдун аткарылышы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-бер. 1,2,3-п.п. талаптарынын негизинде шаардык мэрияга (Орозбаев Н.О.), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.) жана мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгына (Уметов Т.М.), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери инвестиция боюнча комиссиясына (Мамытканова Т.А.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**09.10.2025-жылдагы кезектеги**
**X сессиясынын № 61/10-9**
**токтомуна тиркеме**

**2025-жылдын 8 айынын жыйынтыгы боюнча 28800, 0 миң сом пландан ашык чогулган кирешенин эсебинен аткарылуучу жумуштардын реестри**

| № | Иш чаранын аталышы | Сумма (миң сом) | Мекеме | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Медициналык кадрларды даярдоо максатында Кара-Көл шаарынын тургундары М.Базарбаева, Ж.Айтмурзаева, А.Каканова, Н.Умурзакова, Насирбеков жана А.Абдыкаимовалардын медициналык окуу жайларынын окуу төлөмдөрүнө каражат бөлүү (6 студент) | 410,0 | Мэрия | |
| 2. | Өрт кырсыгынан жабыркаган Акынай көчөсүнүн тургундары Максатбек Кожоматов, Улансабыр Шамурзаев жана Шамурзаев Жаныбек Уламсабыровичке ар үй бүлөөгө 50 миң сомдон материалдык жардам көрсөтүүгө | 150,0 | Мэрия | |
| 3. | "Острый лейкоз" диагнозу менен ооруган Түгөлбай Касымовдун Туркия мамлекетинде жасалуучу операциясына (пересадка костного мозга) материалдык жардам | 100,0 | Мэрия | |
| 4. | “Кайыңды” балдар эс алуу борборуна 2,5 тонна көлөмдөгү бачок сатып алуу | 25,0 | Мэрия | |
| 5. | Фрунзе атындагы №3 мектебинин ашканасына электроплита сатып алуу | 90,0 | ШБББ | |
| 6. | Токтогул атындагы №1 мектебинин ашканасына электроплита сатып алуу | 70,0 | ШБББ | |
| 7. | ЖДПБнун адм.корпусунун 1-кабатын ремонттоп реанимация бөлүмүн көчүрүү | 1913,0 | ШММБ | |
| 8. | Шаар аймагына 5 жерге (Жазы-Кечүү жана Кетмен-Төбө айылдарында) балдар аянтын куруу | 6000,0 | ШММБ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9. | Сабиров көч.32 квартиралуу үйгө кафель сатып алуу жана орнотуу | 1000,0 | ШММБ | |
| 10. | “Жеңиш” аллеясындагы ардагерлер тактасына согуш ардагери Молкош Омурбаевдин ысымын жазууга | 20,0 | ШММБ | |
| 11. | Мэрияга контракттын негизинде 1 кызматкер-юристтин айлык акысы, СФ чегерүүсүнө | 166,5 | Мэрия | |
| 12. | ШММБнын кенже тейлөөчү кызматкерлердин айлык акысынын жогорулашынын негизинде айлык акы, соц.фондко чегерүүсүнө | 2108,3 | ШММБ | |
| 13. | Электр энергиянын тарифи кымбаттагандыгына байланыштуу кошумча каражат | 1000,0 | ШММБ | |
| 14. | Суунун акы төлөө тарифи кымбаттагандыгына байланыштуу кошумча каражат | 2057,3 | ШММБ | |
| 15. | Утурумдук чыгымдар (күз-кыш мезгилине, ОЗП, ж.б.) | 1000,0 | ШММБ | |
| 16. | Мектептердин жолуна полиция макеттерин орнотуу | 60,0 | ШММБ | |
| 17. | Ылдамдык тепкичтерин (Лежачий полицейский) орнотууга | 200,0 | ШММБ | |
| 18. | №6 Т.Темиров атындагы ЖББ мектебин жасалгалоо | 50,0 | ШБББ | |
| 19. | ШММБнын кампасынын чатырын ондоо | 850,0 | ШММБ | |
| 20. | Шаардык ички иштер бөлүмүнө кырдаалдык борбор түзүү жана санариптик радио байланыш менен камсыздоого Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондуна өздүк салым | 800.0 | ШММБ | |
| 21. | Серый көчөсүндө жайгашкан жер тилкесине Б. Масалиева тарабынан төлөнгөн төлөмдү кайтаруу | 185,6 | ШММБ | |
| 22. | Шаардын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча долбоордук документтерди жасатууга | 5000,0 | ШММБ | |
| 23. | Кара-Көл шаар ичиндеги стеллаларга жарыктандыруу орнотуу | 2589,3 | ШММБ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 24. | Жеке ишкер Н.Джуробаевден муниципалдык менчикке кабыл алынган Бекташ көчөсүндө жайгашкан 2 квартираны ремонттоо | 2955,0 | ШММЬ | |
| | **Бардыгы:** | **28800,0** | | |

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КӨЛ ШААР**<br>**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**<br>**ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**<br>**ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. №62/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондунан берилүүчү гранттарга долбоорду бекитүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондунан берилүүчү гранттарга долбоорду бекитүү жөнүндө кайрылуусун, Кара-Көл шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаардык мэриясы тарабынан Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондуна даярдалып жаткан " Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнүн имаратында кырдаалдык борбор түзүү жана санариптик радио байланыш менен камсыздоо" долборуна жергиликтүү бюджеттин эсебинен үлүштүк каржылоо каражаты 2025-жылдын шаардык бюджетинен **800, 0 миң** ( сегиз жүз миң) сомго бекитилсин.
2. Кара-Көл шаардык кеңешинин 25.08.2025-жылдагы № 58/9-9 сандуу токтому жокко чыгарылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын мэриясына (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы Кара-Көл шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А. Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. №63/10-9** **Кара-Көл шаары**

**2025-жылдын 8 айына карата шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышынын жыйынтыгы менен 17032,6 миң сомдук бош калган калдык, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-бөлүкчөсүнө ылайык Кара-Көл шаардык кеңештин "Кара-Көл шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен бош калган, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө", "Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө" 2025-жылдын 14-мартындагы №23/5-9, №24/5-9 токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык аткарууда 2025-жылдын 8 айына карата шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышынын жыйынтыгы менен бош калган калдык, үнөм каражаттар пайда болгондугуна байланыштуу үнөм каражаттарды башка багыттарга каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин билдирүүсүн, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамытканованын кошумча маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Көл шаардык кеңештин 2025-жылдын 8 ай ичинде тиешелүү токтомдорун аткаруунун жыйынтыгы менен шаардык бюджетте бош калган калдык, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин билдирүүсү, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамытканованын кошумча маалыматы эске алынсын.

2. Шаардык бюджетте 2025-жылдын 8 айына карата шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышынын жыйынтыгы менен **17032.6 миң сомдук** бош калган калдык, үнөм каражаттарды Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-беренесинин 4-пунктунун талабынын негизинде 1тиркемеге ылайык мыйзам чегинде каржылануусу бекитилсин жана аталган каражаттар шаардык 2025-жылдын бюджетинде эске алынып, шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин бюджетине тиешелүү тактоо ("уточнение") киргизилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесинин 1,3-пунктунун талабынын негизинде шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамыткановага) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**09.10.2025-жылдагы кезектеги**
**X сессиясынын № 63/10-9**
**токтомуна тиркеме**

**2025-жылдын 8 айынын жыйынтыгы менен 17032.6 миң сомдук бош калган калдык, үнөм каражаттардын эсебинен аткаруучу жумуштардын реестри**

| № | Иш чаранын аталышы | Сумма (миң сом) | Мекеме | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Лизинг аркылуу атайын техникаларды автовышка (37 000 $, грузовик с КМУ (36 500 $), эксковатор (38 000$), самосвал (21700$) сатып алуу үчүн өздүк салымдын (20%) калдыгы 430,0 миң сомго бажы төлөмү жана оформление үчүн 1179,9 миң сом, 5 жылдык камсыздандырууга 155,0 миң сомдун айырмасы | 905,8 | ШММБ | |
| 2. | ШММБ га жүргүзүлгөн оптимизациянын жыйынтыгында компенсациялык төлөмдөр | 1193,1 | ШММБ | |
| 3. | Желмаян техникасын сатып алуу (3 даана) | 582,0 | ШММБ | |
| 4. | Муниципалдык менчиктеги имарат жайларды камсыздандырууга | 125,8 | ШММБ | |
| 5. | Хуриев мектебине ажааткана курууга курулуш материалдарын сатып алуу | 53,4 | ШБББ | |
| 6. | Хуриев мектебине таза суу кошуу үчүн курулуш материалдарын сатып алуу | 20,7 | ШБББ | |
| 7. | "Байчечекей" бала бакчасынын чатырынан түшкөн сууларга түтүкчөлөрдү орнотууга курулуш материалдарын сатып алуу | 82,1 | ШБББ | |
| 8. | "Байчечекей" бала бакчасын таза сууга кошуу үчүн курулуш материалдарын сатып алуу | 17,4 | ШБББ | |
| 9. | Жазы-Кечүүдөгү мектепке көмүр сатып алуу (56,3 тонна) | 450,6 | ШБББ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10. | Жазы-Кечүүдөгү бала бакчага көмүр сатып алуу (36,1 тонна) | 288,9 | ШБББ | |
| 11. | Өрткө каршы сигнализация орнотуу жана кошумча шаймандарды сатып алуу | 1075,0 | ШБББ | 4 бала бакча, мектептер |
| 12. | “Баластан” бала бакчанын жарака кеткен ички дубалын оңдоп түзөөгө | 67,6 | ШБББ | |
| 13. | Серый көчөсүндө №22, 23, 24, 25 үйлөрдүн алдына воркаут, балдар аянтын, футбол талаасын куруу | 12100,2 | ШММБ | |
| 14. | Шаардык мэрияга түстүү принтер алууга | 35.0 | Мэрия | |
| 15. | Шаардык кеңешке түстүү принтер алууга | 35.0 | Шаардык кенеш | |
| | **Бардыгы:** | **17032.6** | | |

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. № 64/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарын социалдык -экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын 2025-жылдын 6 айында аткарылышы жөнүндө шаардын мэринин отчету**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-бөлүкчөсүн жана 48-беренесинин 1-бөлүгүнүн 12-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын 2025-жылдын 6 айында аткарылышы жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчетун жана шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын 2025-жылдын 6 айында аткарылышы жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчету эске алынсын.

**2.** Кара-Көл шаардык мэриянын 2025-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы же “Өнүгүү бюджетинин” иш планынын реестриндеги бекитилген иш-чараларды 2025-жылдын 31-декабрына чейин толук бүтүрүү жагы сунушталсын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ШММБна (Т.М.Доулдаев), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова), өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына ( Ж.С.Джуробаев ) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КӨЛ ШААР**<br>**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**<br>**ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**<br>**ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. №65/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын 2025-2026-жылга күзгү-кышкы мезгилге даярдыгы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары М.А. Абдыкалыковдун жана " Кара -Көл жылуулук менен жабдуу" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Н.Ш.Шамурзаевдин, Кара-Көл РЭТ ишканасынын башчысы Н.Н.Кадыбаевдин, ММБнын башчысы Т.М.Доулдаевдин Кара-Көл шаарынын экономика тармактарын жана калкын 2025-2026-жылдарга күз-кыш мезгилине даярдыгы жөнүндө маалыматтарын, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик, жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт.

Шаардын калкын жана экономика тармагын 2025-2026-жылга күз-кышкы мезгилге даярдоо жана аталган мезгилди ийгиликтүү өткөрүү максатында 2025-жылдын 30-июнунда шаардык мэриянын **№311-б** буйругу чыгарылып, штабдын мүчөлөрү жана жумушчу комиссиянын курамы бекитилген.

"Кара -Көл жылуулук менен жабдуу" муниципалдык ишканасынын курамында **6** ("Центральный", "Тавашаров", "ДСР", "Бекташ", " Абыдрахман", "Кетмен-Төбө") откана кызмат көрсөтөт. Алардын жалпы кубаттуулугу 56 мВт жана Кетмен-Төбө көмүр откана жалпы кубаттуулугу 2,1 мВт, , тышкы жылуулук түйүндөрүнүн узундугу **48156** чакырымды түзөт жана жылдык пландын негизинде бардык электр отканаларды капиталдык жана кезектеги оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүүдө.

№30 Жол тейлөө мекемеси тарабынан Бишкек-Ош автоунаа жолунун 315 чакырымынан тартып 427 чакырымдар аралыгындагы эскилиги жеткен 200 жол белгилери алмаштырылган.

№30 Жол тейлөө мекемеси тарабынан күз-кышка даярдык көрүү, кыш мезгилинде жол кырсыгын алдын алуу, Бишкек-Ош автожолундагы таштарды (осыпь) тазалоо жана жолду кеңейтүү, ашууларды тейлөө иштерин аткаруу үчүн техникалар толугу менен оңдолуп, даярдоо иштери план боюнча жүргүзүлгөн. 2025-2026-жылдарга күз-кыш мезгилине даярдык көрүү максатында 4000 тн кум топурак инерттик материал (ГПС) даярдалган.

Көк-Бел ашуусунда 200 тонна техникалык туз даяр, калган 1300 кышка керектелүүчү техникалык туз даярдалууда.

Кара-Көл райондук электр тармактар ишканасы тарабынан калкты үзгүлтүксүз электр энергиясы менен камсыз кылуу боюнча бир топ иштер пландалган. Анын ичинен 6-10кВ чыңалуудагы электр чубалгыларын оңдоо 70, 4 км болсо, -0,4кВ чыңалуудагы электр чубалгыларын оңдоо 35 км. Пландар 100% га аткарылган.

ШММБнын карамагындагы социалдык объектилердин жылуулук түтүктөрү текшерилип, оңдоп-түзөө иштерин талап кылган жерлери оңдолуп, ремонт иштери жүргөн. Социалдык объектилер жалпысынан 2025-2026-жылдардын күз кыш мезгилине карата даяр.

Жогорудагылардын негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарынын 2025-2026-жылдарга күзгү-кышкы мезгилге даярдыгы жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары М.А.Абдыкалыковдун, " Кара -Көл жылуулук менен жабдуу" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Н.Ш.Шамурзаевдин, Кара-Көл РЭТ ишканасынын башчысы Н.Н.Кадыбаевдин, ММБнын башчысы Т.М.Доулдаевдин маалыматтары, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсү эске алынсын.

2. Кара-Көл райондук электр тармактар ишканасына (Н.Н.Кадыбаев) Кара-Көл шаарындагы эскилиги жеткен мамычаларды алмаштыруу боюнча РЭТ ишканасынын 2026-жылдын иш планына 150 даана жаңы мамыча киргизүү сунушталсын.

3. Кара-Көл райондук электр тармактар ишканасына ( Н.Н.Кадыбаев) Кара-Көл шаарына бөлүнгөн лимитти сактоо, Кара-Көл шаарынын калкын электр энергия менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүргүзсүн.

4. "Кара-Көл жылуулук менен жабдуу" муниципалдык ишканасына (Н.Ш.Шамурзаев) Кара-Көл шаарынын калкын жылуулук менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүргүзсүн.

5. №30 Жол тейлөө мекемеси 2025-2026-жылдардагы күз-кыш мезгилинде шаардын ички автожолундагы карларды, жолдордогу муздарды, таштарды (осыпь) тазалоо жана жолду кеңейтүү, кум, туз чачуу иштерин аткарууда муниципалдык менчик башкармалыгына транспорт жагынан мыйзам чегинде көмөк көрсөтүү сунушталсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга ( Н.О.Орозбаевге), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына ( Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. №66/10-9** **Кара-Көл шаары**

**ШММБнын штаттык бирдиктерин реформалоо- оптималдаштыруунун жыйынтыгында пайда болгон каражаттардын эсебинен 1 193,1 миң сом каражатты компенсациялык төлөмдөргө пайдаланууга макулдук берүү жөнүндө**

ШММБнын штаттык бирдиктерин реформалоо-оптималдаштыруунун жыйынтыгында пайда болгон каражаттардын эсебинен **1193,1 миң** сом каражатты компенсациялык төлөмдөргө пайдаланууга макулдук берүү жана жергиликтүү бюджетке өзгөртүү киргизүү боюнча шаардык кеңештин токтомун чыгарып берүү жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары М.А.Абдыкалыковдун кайрылуусун, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановანын кошумча маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1.ШММБнын штаттык бирдиктерин реформалоо- оптималдаштыруунун жыйынтыгында пайда болгон каражаттардын эсебинен 1193,1 миң сом каражатты компенсациялык төлөмдөргө пайдаланууга макулдук берүү жана жергиликтүү бюджетке өзгөртүү киргизүү боюнча шаардык кеңештин токтомун чыгарып берүү жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары М.А.Абдыкалыковдун кайрылуусу, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын кошумча маалыматы эске алынсын.

2. ШММБнын штаттык бирдиктерин реформалоо- оптималдаштыруунун жыйынтыгында пайда болгон каражаттардын эсебинен **1193,1 миң сом** каражатты компенсациялык төлөмдөргө пайдаланууга макулдук берилсин жана аталган каражаттар 2025-жылдын шаардык бюджетинде эске алынып, ММБнын бюджетине тиешелүү тактоо (“уточнение”) киргизилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ММБга (Т.М. Доулдаев), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамыткanова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. № 67/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2024-2025-окуу жылында аткарган иштери жөнүндө маалыматы**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жана Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Кыргызбай кызы Гүлназиранын 2024-2025-окуу жылында аткарган иштери жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин кезектеги X сессиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт.

Шаардык билим берүү бөлүмүндө бүгүнкү күндө 1 жалпы билим берүүчү инновациялык, 5 орто мектеп, мектепке чейинки 4 мекеме, 1 мектептен тышкаркы мекеме, 1 окуу-усулдук кабинети бар.

2024-2025-жылында 205 класс комплектиде **5855** окуучу, (башталгыч билим берүү баскычында 93 класс комплектисинде 2712, негизги билим берүүчү баскычында 91 класс комплектисинде 2667, орто билим берүүчү баскычында 21 класс комплектисинде 476) билим алышат.

Мектепке чейинки 4 мекеме- "Келечек", "Баластан" жана "Байчечекей", "Алтын Казык" балдар бакчаларында жалпы **928** бала тарбияланган.

Мектептен тышкаркы 1 мекемеде БЧҮ (балдар чыгармачылык үйүндө) 21 кружокто 942 окуучу тарбияланат.

Шаардык билим берүү бөлүмүнүн карамагындагы 11 билим берүү мекемелеринде, бүгүнкү күндө 416 мугалим жана тарбиячылар эмгектенүүдө. Анын ичинен жогорку билимдүүсү -323, бүтпөгөн жогорку -15, атайын орто-77, орто билимдүүсү-1. Билим берүүнүн отличниги төш белгисинин ээси 84 мугалим.

Кара-Көл шаардык БББмү усулдук иш-чараларды Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан чыгарылган буйруктардын негизинде алып барат. Шаардык, областтык, предметтик семинарлар өткөрүлүп турат.

Жогорудагылардын негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2024-2025-окуу жылдарында аткарган иштери жөнүндө шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Кыргызбай кызы

Гүлназиранын маалыматы жана шаардык кеңештин социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.К. Субаналиеванын билдирүүсү эске алынсын.

2.ШБББнүн башчысы Кыргызбай кызы Гүлназирага окуучуларга билим берүүнүн сапатын жогорулатуу сунушталсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга, ШБББнө (Кыргызбай кызы Гүлназира), көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына (Г.К.Субаналиева) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. № 68/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын балансында турган “ Тойота Пассо” үлгүсүндөгү 2005-жылы чыгарылган, мамлекеттик № 0734 DU жеңил автоунааны Кара-Көл шаарынын муниципалдык менчигине кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэри Н.О. Орозбаевдин Кара-Көл шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын балансында турган “ Тойота Пассо” үлгүсүндөгү 2005- жылы чыгарылган, мамлекеттик № 0734 DU жеңил автоунааны Кара-Көл шаарынын муниципалдык менчигине кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө кайрылуусун, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери , ошондой эле бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссияларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап чыгып, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6- беренесин жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат**:

1. Кара-Көл шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын балансында турган “ Тойота Пассо” үлгүсүндөгү 2005- жылы чыгарылган мамлекеттик № 0734 DU жеңил автоунааны Кара-Көл шаарынын муниципалдык менчигине кабыл алууга макулдук берилсин.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. № 69/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 1,37 га муниципалдык жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үй курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 1,37 га муниципалдык жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үй курууга макулдук берүү жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин кайрылуусун жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 11-сатьясынын негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 1,37 га муниципалдык жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК тарабынан “Менин үйүм” программасынын алкагында көп кабаттуу үй курууга макулдук берилсин.

**2.** Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 1,37 га муниципалдык жер тилкесин “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКна мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

**3.** Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБна (Т.М.Доулдаев), ал эми аткарылышын көзөмөлдөө жагы өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**09.10.2025-ж. № 70/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансындагы Кара-Көл шаарынын аскер комиссариатынын оперативдик башкаруусуна берилген имаратты 762 чарчы метр аянты менен Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин балансына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансындагы Кара-Көл шаарынын аскер комиссариатынын оперативдик башкаруусуна берилген имаратты 762 чарчы метр аянты менен Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин балансына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө шаардын мэринин орун басары М.А.Абдыкалыковдун кайрылуусун жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 11-сатьясынын негизинде депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги Х сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансындагы Кара-Көл шаарынын аскер комиссариатынын оперативдик башкаруусуна берилген имаратты 762 чарчы метр жер аянты менен Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2.Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ШММБна (Т.М.Доулдаев), ал эми аткарылышын көзөмөлдөө жагы өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына ( Ж.С.Джуробаев ) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# *ТОКТОМ*
# *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

**09.10.2025-ж. № 71/10-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын экономикалык пландаштыруу зоналары жана аларга жер салыгын салуу үчүн коэффициенттерди (Кз) белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-бөлукчөсүн жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин” 404-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында эмес жерлерге мүлк салыгынын зоналык коэффициентинин (Кз) 0,3төн 2,0 өлчөмгө чейин карап берүү жөнүндө шаардык мэриянын аппарат жетекчиси А.Т.Анарбаеванын кайрылуусун жана шаардык кеңештин бюджет экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановванын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги Х сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарындагы калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытында эмес жерлерди пайдаланууда экономикалык пландаштыруу өзгөчөлүктөрүнө жараша төмөндөгүдөй зоналарга бөлүнөрү бекитилсин:

**I зона – 1,6; II зона -0.8; III зона – 2,0;**

**I зона:** Ош-Бишкек жолунун жол огунан 100 метр аралыкта жайгашкан соода-сатык объектилери, коммерциялык негиздеги тейлөө ишканалары жана коомдук тамактануу жайлары, Кара-Көл шаарынын Ак-Кыя, Канат, Ак-Шар, Чоң-Таш, Кайыңды, Жээн-Кыштоо, К.Кулданбаев, Ак-Таш көчөлөрү жана башка шаар ичиндеги көчөлөр,

**II зона:** Кетмен-Төбө, Жазы-Кечүү аймагындагы жерлер (**I-III** зоналарында көрсөтүлгөн аймактардан сырткары)

**III зона:** Жазы-Кечүү аймагынын цемент заводуна караштуу жерлер (49.24 га)

2. Үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участогун пайдалангандыгы үчүн жер салыгынын коэффициенти (Кз) 1,0 өлчөмүндө бекитилсин.

3. Бул токтом 2026-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирет.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу мамлекеттик салык кызматынын Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаары боюнча башкармалыгына (Т.М.Уметов), ал эми көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамыткановва) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**